***DOI:10.26104/NNTIK.2023.60.28.046***

***Мусаева В.И., Байбосова Д.К.***

# КЕП ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ КӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ (УГУУ, ОКУУ, СҮЙЛӨӨ, ЖАЗУУ)

***Мусаева В.И., Байбосова Д.К.***

# МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ РЕЧЕВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ (АУДИРОВАНИЕ, ЧТЕНИЕ, ГОВОРЕНИЕ, ПИСЬМО)

***V. Musaeva, D. Baibosova***

# METHODS OF TEACHING CONVERSATIONAL ACTIVITIES (LISTENING, READING, SPEAKING, WRITING)

*УДК: 371.3: 494.3:8.085.4*

*Бул макаланын авторлору бир кыйла жылдардан бери карай билим берүү системасында тынымсыз иштеп, тажрыйба топтошуп, билим берүүдөгү, кыргыз тили, адабиятын окутуудагы көйгөйлүү маселелер менен кабардар да болуп келишкен. Бул макалада олуттуу проблемалардын бири болуп саналган окуучуларды кеп ишмердүүлүгүнө (угуу, окуу, сүйлөө жана жазуу) көнүктүрүүнүн айрым ыкмалары каралган. Кеп ишмердүүлүгү бул өтө көп тармактуу болгондуктан авторлор алардын ичинен айрым бир жактары тууралуу гана учкай сөз кылышып, бул багыттагы иш аракеттерди окутуу процессинде, айрыкча, башталгыч мектептен баштап, жогорку окуу жайларда да системалуу түрдө тынымсыз ишке ашыруунун натыйжасында гана күтүлүүчү натыйжага жетише тургандыгыбызды баса белгилешкен.*

***Негизги сөздөр:*** *кеп ишмердүүлүгү, угуу, окуу, сүйлөө, жазуу, башталгыч мектеп, окутуу процесси, натыйжалар.*

*Авторы данной статьи много лет непрерывно работают в системе образования, накопили опыт, осведомлены о проблемных вопросах в образовании, обучении кыргызскому языку и литературе. В данной статье рассматриваются некоторые методы приобщения учащихся к языковой деятельности (аудированию, чтению, говорению и письму), что является одной из серьезных проблем. Рассматриваемая деятельность очень многогранна, поэтому авторы лишь кратко рассказывают о некоторых ее аспектах, а деятельность в этом направлении может дать ожидаемый результат только в результате систематического и постоянного внедрения в учебный процесс, начиная с начальных классов.*

***Ключевые слова:*** *речевая деятельность, аудирование, чтение, говорение, письмо, начальная школа, учебный процесс, результаты.*

*The authors of this article have been continuously working in the education system for many years, have gained experience, are aware of the problematic issues in education, teaching the Kyrgyz language and literature. This article discusses some methods of introducing students to language activities (listening, reading, speaking and writing), which is one of the serious problems. The activity under consideration is very multifaceted, therefore, the authors only briefly talk about some of its aspects, and activities in this direction can give the expected result only as a result of a systematic and continuous introduction into the educational process, starting from primary school.*

***Key words:*** *speech activity, listening, reading, speaking, writing, elementary school, educational process, outcomes.*

Жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулардын угуу, окуу, сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу ишин башталгыч класстардан баштап, системалуу жүргүзүү зарыл. Себеби, кийинки класстарда кеч болуп калат. Ал эми башталгыч мектеп бул – баланын тунгуч базалык билимдеринин пайдубалын түптөй турган баскыч болуп саналаары баарыбызга белгилүү. Дегеле, билим берүүдө башталгыч мектептеги мезгилден баштап билим–тарбия берүүнүн сапатын өркүндөтүү бул – келечекте Ата Мекенибиздин өнүгүшүн камсыздай турган жаштарды эрте жаштан баштап окутуп-тарбиялап өстүрүү болуп саналат. Дал ушул проблема бүгүнкү күндө республикабыздагы олуттуу маселелердин бири болуп эсептелет.

Баланын башталгыч мектептен алган билим сапаты окуучунун андан аркы билим алуусуна өбөлгө түзүп, анын окуудагы ийгилигине түздөн-түз таасир этип, балада угуу, көрүү, окуу, сүйлөө жана жазуу билгичтиктерине үйрөтүү менен өзгөчөлөнөт. Өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу үчүн адамга угуу, көрүү, окуу, сүйлөө жана жазуу билгичтиктери эң зарыл керектүү интеллектуалдык сапаттардын бири болуп эсептелет. Баланы биринчи класстан угуу, көрүү, окуу жана сүйлөө билгичтигине мыкты окутуу бул – башталгыч мектепте окутуунун негизин түзсө, ал эми башталгыч мектеп жалпы билим берүүчү мектептин пайдубалын түзүп тураары чындык. Башталгыч мектепте угуу, көрүү, окуу, сүйлөө жана жазуу билгичтигине үйрөнүү менен бирге эле баланын мүнөзү, акылы жана коомдогу жүрүм-турумун аныктоочу жөндөмү жана касиеттери бара-бара калыптанып, кадимкидей жолго коюла баштайт [7,8].

Биринчи класстын мектеп окуучусунун дүйнөнү таанып билүү өзгөчөлүгүнө ылайык, угуу маданиятына, так, туура, сабаттуу окуганга, сүйлөгөнгө үйрөтүү иши эсептегенге, айлана-чөйрөнү таанытуу, көркөм өнөр, дене тарбия, музыка предметтери менен биргеликте окутулуп, ар тараптуу гармониялуу өнүккөн инсанды окутуп-тарбиялоого багыт берет. Билим берүү мезгилинде окутуунун натыйжалуулугу берилүүчү маалыматтын көлөмүнө эмес, угуу, көрүү, окуу жана сүйлөө, ошондой эле, жазуу ишмердүүлүгүнүн таасири астында окуучунун рухий дүйнөсүн-

дөгү сапаттык өзгөрүүлөргө байланыштуу. Мына ушундан улам, билим берүүдө окуучунун иш-аракетине жана натыйжага жетүүнү көздөө, курчап турган дүйнөнү таанытуу, элибизге, жерибизге таандык асыл рухий баалуулуктардын негизинде угуу, көрүү, окуу жана сүйлөө ишмердүүлүктөрүнө [7,8] көнүктүрүү, базалык компетенттүүлүктөрдү, тактап айтканда, маалыматтык, социалдык-коммуникативдик жана өзүн-өзү уюштурууну камсыздандыруу сыяктуу окуучуну жеке өзгөчөлүгүнө ылайыктап, дифференцирленген билим жана тарбия берүү, баланын өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жана анын рухий дүйнөсүн калыптандырууну камсыз кылган маданиятка багытталган билим берүүнү эсибизден чыгарбообуз зарыл.

Окутуу процессинен тышкаркы учурлардагы да кеп ишмердүүлүгүнүн ар кыл кырдаалдагы түрдүү функциялары түз жана кыйыр түрүндө аракетке келип, балага өз таасирин тийгизет. Азыр биз ааламдашуунун заманында жашап жаткандыгыбыз бул факт. Балдар эрте жашынан эле маалыматтык-технологиялык интернет каражаттары менен кабарлары, албетте, бар.

Айрым учурда эрте жашынан чөнтөк телефондор менен байланышып, интернет сайттарындагы ар түркүн маалымат-кабарлар, фильмдер жана башкалар менен тынымсыз байланышта болуп турушары да анык. Ал эми бизге белгилүү болгондой, интернеттеги ар кыл фильмдердин, азгыргыч оюндардын тарбиялык таасири бар деп айта албайбыз.

Ал, баланы терс сапаттарга багыттай турган, анын акыл-эсине, психологиялык жактан туура өнүгүүсүнө зыянын тийгизе турган илдет катары да карасак болот. Биз ушул сыяктуу көрүнүштөр окуучуларга таасирин тийгизген жокпу? деген суроого жооп издедик. Бишкек шаарынын, Чүй областынын айрым бир мектептеринин окуучуларына ушул багытта оозеки түрдөгү сурамжылоо иштерин да жүргүзүп көрдүк.

Суроолордун маани-мазмуну төмөндөгүдөй үлгүдө болду:

1) сенин чөнтөк телефонуң барбы?
2) интернет деген эмне билесиңби?
3) интернетке кирип көрдүң беле?
4) интернет клубдарга бардың беле?
5) андагы фильмдерге кызыгасыңбы?
6) аларды көрдүң беле?

Жыйынтыгында, айрыкча, азыркы балдардын айрымдары компьютердик оюндар менен, албетте, алектене тургандыгы, чөнтөк телефондор аркылуу ар кыл интернеттеги керектүү дагы керексиз дагы оюндарды, фильмдерди айрым учурларда көрө тургандыктары аныкталды. Бул эми турмуш чындыгы.

Коомдун, доордун, техниканын ушунчалык ылдамдыкта өнүгүшү менен жаралып отурган бүгүнкү күндүн социалдык-коомдук проблемаларынын бири катары кароого болот. Ушундай көрүнүштөрдөн улам, төмөнкүдөй суроолор пайда болду?

1. Интернеттик маалыматтар биринчи класста окуган окуучунун китеп окууга карата болгон кызыгуусун жоготпойбу?
2. Интернеттик маалыматтардын окуучуга карата тийгизген таасири кандай?
3. Окуучунун китеп окууга карата кызыгуусуна карата анын үй-бүлөсүнүн мамилеси кандай?
4. Биринчи класста окуган окуучунун китеп окууга карата кызыгуусун өнүктүрүүгө анын үй-бүлөсү жардам береби? деген ж.б. суроолорго жооп табууга аракет жасап көрдүк. Интернет клубдарына баш багып, анда канча жаштагы балдар отургандарын жана эмнелерди көрүп жатышкандыктарын байкоо менен бирге эле айрым бир ата-энелер менен да аңгемелешип көрдүк.

Ошону менен бирге эле, окуучуларга карата ар бир баланын китеп окууга карата болгон кызыгууларын байкоо максатында да айрым бир оозеки түрдөгү сурамжылоолор өткөрүлдү. Алар:

1) сага атаң, апаң же чоң атаң, чоң энең жомок айтып бергенби?
2) сага атаң, апаң же чоң атаң, чоң энең китеп окуп берди беле?
3) агаң же эжең китеп окуп берди беле?
4) өзүң китеп окуганга кызыккансыңбы?
5) үйүңөрдө китептер барбы?
6) сенин үй-бүлөңдөгүлөр китеп окушабы?
7) сен китепкананы көрдүң беле?
8) ал жакта эмнелер бар?

Мына ушундай жогорудагы оозеки сурамжылоолорду салыштырып карап келгенде, албетте, биз күткөн жакшы натыйжаларды ала алдык деп кесе айтуудан, албетте, алыспыс.

Демек, ушундан улам, мугалимдин башкы милдеттеринин бири бул – баланын китеп окууга болгон кызыгуусун пайда кылуу жана өнүктүрүү болуп саналмакчы. Ансыз баланы угуу, көрүү, окуу, сүйлөө, жазууга, ошону менен бир эле учурда маек кеби менен монологдук кепке машыктырууга мүмкүн эместиги түшүнүктүү. Себеби, ишке ашырыла турган баланын угуу, көрүү, сүйлөө, ошондой эле маектешүү кеби менен монологдук кеби бул баланын китеп окуу жөндөмдүүлүгүнө түздөн түз тиешеси бар. Булар бири-бири менен биргеликте ишке ашырылуучу процесс катары баланын интеллектуалдык жактан калыптануусунда аны өмүр бою жандап жүрөт.

Эгерде, бул жөндөмдүүлүктөрдү (угуу, көрүү, сүйлөө, жазуу, ошондой эле маектешүү кеби менен монологдук кеби) балада мына дал ушул мектепте ойготпосо, анда ал баланын кийинки турмушунда, өнүгүүсүндө өзүнүн активдүүлүгүн жоготуп, башкы ролду аткарбай калат [1,2,3,4].

Бул иштер башталгыч мектептен башталып, системалуу ишке ашырылуусу зарыл. Бекеринен, «башталгыч мектеп – билимдердин пайдубалын түптөйт» деп, айтылбаса керек. Баланы китеп окууга үйрөтүү иши өз деңгээлинде жүргүзүлүүсү зарыл. Бул үчүн эмне кылуу керек?

Айрым бир мектептердин практик мугалимдери менен аңгемелешүү мезгилинде, ошондой эле, өзүбүздүн байкоолорубуздан улам, төмөндөгүлөрдү белгилеп, айтмакчыбыз. Алар:

- алгач, мектеп босогосун аттаган баланын окуу процессиндеги психологиялык барьерлерди байкоо;
- эгерде, психологиялык барьерлер кездешсе, аларды жоюуга аракеттенүү;
- баланын окууга болгон кызыгуусун байкоо;
- айрым балдардын окууга болгон даярдыгын байкоо;
- ушуга ылайык класста окууга үйрөтүүчү жагымдуу кырдаал түзүү;
- класс-кабинеттин баланы окууга кызыктыруучу окуу материалдары, плакат-көрсөтмө куралдар менен толук жабдылуусу ж.б.

Эгерде, орто мектептен кеп ишмердүүлүгү багытындагы окутуу иштери жеткиликтүү ишке ашырылса, анда, жогорку окуу жайдан андан ары тереңдетип, практикалык нукта окутууга [6] шарттар, албетте, түзүлмөкчү. «Кеп ишмердиги – өз ичине бир нече түрлөрдү (сүйлөө, угуу, жазуу, окуу) камтыган татаал кубулуш» экендигин тилчи-окумуштуулар таамай белгилешкен.

Коммуникативдик багыттагы кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү ( угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) тууралуу буга чейинки илимий булактарга, илимий-методикалык адабияттарга таянуу менен [1,2,3,4] алардын ар бирине мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аларды окутуунун ыкмалары, формалары жана каражаттары иштелип чыгууда.

Методисттер белгилегендей [1,2,3,4], кеп ишмердүүлүгүнүн ичинен эң татаалы бул – угуу ишмердүүлүгү болуп саналат. Албетте, мурдагы заманда кыргыз элинин угуу маданиятынын өтө жогору экендигин жаанга, суукка карабай, бала-чакасы менен улуу «Манас» дастанын күндөп-түндөп угуу менен рухий жактан азыктангандыктарынан билсек болот. Төмөндө биз жогорку окуу жайларда кеп ишмердүүлүгү багытындагы айрым бир көнүгүү, машыгуу, практикалык иштер тууралуу айтмакчыбыз. Алар кайсылар:

**1. Кыргыз тили жана адабиятын окутууда студенттин угуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы коммуникативдик иш аракеттер:** ар кыл темалардагы аудио уктуруулар жана видео же тасма көрсөтүүлөр [5].

***Аудио текстти угууга чейинки коммуникативдик машыгуулар:***

- текстер боюнча аудио уктурууну угузганга чейин окутуучу студенттер менен биргеликте темага ылайык суроо-жоопторду уюштуруу менен баарлашууну өткөрүү;
- бул аркылуу студенттердин алдыда уга турган тексттин темасына, идеясына карата кызыгууларын жарата алуу; текстте эмнелер тууралуу айтылаарын түшүндүрүү менен уктурула турган тексттин темасынын тегерегиндеги студенттердин билим, билгичтик, ыкмаларын ойготуу;
- проблемалык кырдаалдагы суроолор коюлуп, «мээге чабуул» жасалып, уктурула турган тексттин мазмунун божомолдоо;
- жаңы сөздөр, терминдер менен таанышышып, алардын маанилери чечмелөө;
- тексттин темасына, андагы таяныч сөздөргө карата тексттин мазмунун алдын-ала болжолдоо;
- тексттеги таяныч сөздөрдөгү диалектилик сөздөр, кесиптик сөздөр жана терминдер талдоого алынып, текстти угууга даярдык иштерин аткаруу ж.б.

***Аудио текстти уктурууну угуу, видеону, тасманы көрсөтүү мезгилиндеги коммуникативдик иш аракеттер:***

- окуу тексттерди кунт коюп, түшүнүп угууга окутуучу студенттерди багыттайт;
- окуу тексттерди угуп жатканда студент башка нерселерге алагды болбоосу, студент уккандарын эсинде бекем сактап калуусу, тексттеги окуяны баамдап билүүсү үчүн окутуучу кам көрөт;
- эгерде, айрым сөздөр, терминдер түшүнүксүз болсо студент ага көңүл буруу менен алар боюнча өзүнүн суроолорун даярдайт;
- текстти угууга чейинки божомолдорду ырастайт же болбосо, аларды төгүнгө да чыгара алат жана ал укканын кайра айтып берүүгө даяр болуусу шарт.

***Аудио текстти угуу, видео көрсөтүү аяктагандан кийинки угуп-түшүнүү багытындагы коммуникативдик көнүгүүлөр:***

- окуу тексттеринин темасы, идеясы жана мазмуну талкууланат;
- аталган чыгармалар боюнча тыянак чыгарылып, аларга тиешелүү баа да берилет;
- бул эки тексттин ар бирине план түзүлүп, толукталып, кошумчаланышы да мүмкүн;
- студенттер тексттеги диалектилик сөздөрдү, кесиптик сөздөрдү, терминдерди жыйнап, классификациялап, таблица, кластер түзүшөт;
- ал сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү жыйнашат;
- эне тили, кыргыз тили, мамлекеттик тил тууралуу макал-лакап, накыл кептер, уламыштар айтылып, чечмеленет;

-эне тили, кыргыз тили, анын орду, мааниси тууралуу турмуштук мисалдар келтирилет;

- угулган тексттердеги калтырылган айрым сөздөр же сүйлөмдөр толукталат;

- жооптордун арасынан туура жоопту таап, суроолорго жооп беришет;

- тигил же бул окуяны баяндап, сүрөттөп жана ой жүгүртүп, оозеки айтышат;

- тексттин мазмунуна ылайык өз алдыларынча план түзүү менен ал план боюнча тексттин мазмунун оозеки сүйлөп беришет;

- кутуучу студенттин уккан текстин түшүнгөнүн текшерет;

- тексттеги ойлорго алардын макулдугун же макул эместигин аныктайт;

- тексттер боюнча тесттик тапшырмаларды аткарттырат;

- айрым учурда аудио текст эки жолу да уктурулат;

- кайталанып угузууда айрым бир калтырылып кеткен сөздөрдү, сүйлөмдөрдү студенттер таап, тексттин мазмунун толуктоо менен тексттеги негизги ойду таап чыгышат;

- текст канча бөлүктөн тураарын табышат;

- бир нече теманын ичинен текстке ылайык теманы тандашат.

- «Уга билүү бул – маданият» дегендей, ар бир угулган аудио тексттен студент кандайдыр бир өзүнө керектүү, пайдалуу окуу-тарбиялык маанидеги маалымат менен камсыз болуусу зарыл ж.б.

**2. Кыргыз тили жана адабиятын окутууда студенттин окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдөгү коммуникативдик багыттагы окутуу [5]:**

- студенттердин маалыматтарды билүүсү;

- студент тексттин маанисин терең түшүнүү менен кунт коюп окуу менен окуганын кайра айтып берүүсү;

- текстти бат жана түшүнүп, аң-сезимдүү окуусу;

- көп маалыматтын арасынан керектүүсүн таап, окуусу;

- сөздүн түз маанисин, сөздүн өтмө маанисин, көп маанилүү сөздөрдү таап, жыйнап, алардын маанисин чечмелөөсү;

- сөздүн түз маанисин, сөздүн өтмө маанисин, көп маанилүү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм, чакан текст түзүүсү.

***Текстти көз жүгүртүп окуу аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү:***

- текст тууралуу жалпы түшүнүккө, маалыматка ээ болуусу;

- керектүү абзацтарды же сүйлөмдөрдү окуу аркылуу маалымат алуусу;

- тексттин темасын жана мазмунун билүүсү;

- тексттен зарыл шилтемелерди таба алуусу;

- тигил же бул ойдун туура же туура эместигин аныктаган мисалдарды табуусу.

***Текстти изилдеп окуу аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү:***

- текстти толук бойдон окуп чыгуу жана андан зарыл маалыматты табуусу;

- тексттин темасын чечмелөө үчүн тексттеги негизги ойду табусуу;

- текстке план түзүү менен тексттин мазмунун план боюнча айтып берүү;

- сөздүн түз маанисин, сөздүн өтмө маанисин, көп маанилүү сөздөрдүн сөздүгүн түзүүсү

***Текстти үйрөнүп окуу аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү:***

- текстти үйрөнүп окуу бул – оозеки, жазуу кепке даярдоочу этап болгондуктан текстти окуп, аяктагандан кийин бир катар көнүгүү, машыгуулар, тапшырмалар аткарттырылат:

- тексттин мазмунун терең түшүнүү менен тексттеги маалыматты толук түрдө түшүнүп окуусу;

- жай окуп үйрөнүү менен бирге эле тексттин бөлүктөрүн кайрадан окуп чыгуу;

- тексттеги лексикалык, грамматикалык каражаттарды билүү;

- сөздүктөрдү колдонуп, жаңы сөздөрдү билүү, ар бир сөздүн маанисин түшүнүү;

- сөздүн түз маанисин, сөздүн өтмө маанисин, көп маанилүү сөздөрдү чечмелөө

**Үйрөнүп окуу аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдөгү кептик-коммуникативдик машыгуу иштери.**

***Текстти окуганга чейинки коммуникативдик машыгуу иштери тексттин мазмунун алдын-ала божомолдоо багытында ишке ашырылат:***

- таяныч сөздөр аркылуу сүйлөмдөрдү түзүү, сүйлөмдөрдү толуктап жазуу;

- сүйлөмдөгү бош калган жерлерге сөздөрдү туура коюу ж.б.

***Текстти окуп жаткандагы коммуникативдик машыгуу иштери:***

- студенттин текстти толук түшүнүп, маанимаңызын аныктап билүүсү;

- тексттеги негизги ойду аныктоо менен суроолорго туура жооп кайтаруусу;

- тексттин аталышын тастыктаган сүйлөмдөрдү табуу менен негизги ой менен теманын байланышын ача алуусу

***Текстти окугандан кийинки коммуникативдик машыгуу иштери:***

- студенттин окуган текстти түшүнүүсү, тексттин маанисин терең аңдап билүүсү;

- студенттин текстти үстүртөн окубастан, ага тереңдеп кирүү менен сынчыл ойломунун өнүгүүсү, мааниси жагынан туура жоопту табуусу;

- текстке ылайыктуу аталышты тандоо менен

өзүнүн жекече ой-пикирин билдирүүсү;

- окутуучу менен студенттин текст тууралуу суроо-жооп, баарлашуусу ж.б.

Жогоруда айтылгандай кеп ишмердүүлүгү маселесинин изилдөө объектиси өтө кеңири болгондуктан бул багыттагы изилдөөлөр дагы алдыда демекчибиз.

**Адабияттар:**


1. Мусаева В.И. Кыргыз тилин компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. - Б.: «Алтын тамга», 2014.
2. Мусаева В.И. Кыргыз тилин жана адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. - Б.: «Алтын тамга», 2015.
3. Мусаева В.И. Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу Монография. - Б., 2009.
4. Мусаева В.И. Кыргыз тили (кыргыз тили таблица, чийме, схемаларда) - Б., 2009.
5. Мусаева В.И., Омурова А. Кыргыз тилин жана адабиятын окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн илимий-методикалык негиздери. / Монография. - Б.: «Алтын тамга», 2022.
6. Мусаева В.И., Бейшеев Т. Студенттердин кыргызча кебин калыптандырууда сөздүк менен иштөөнүн методикасы. / Монография. – Б.: «Алтын тамга», 2022.
7. Мусаева В.И. Жазуу маданиятын окутуунун теориясы менен методикасы // Окуу-методикалык курал. - Б.: Транс Принт, 2018. – 475 б.
8. Мусаева В.И. Кеп маданияты: теориясы менен практикасы. / Монография. - Б.: Транс Принт, 2018. – 232 б.
9. Мусаева В.И. Цели, содержание и технологии обучения кыргызского языка и литературы на инновационной основе. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. - №. 2. - С. 140-143.